| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети<br>БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ<br><br>ДП 01-3, 08 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин
тарабынан

Протокол № 4
«24» декабря 2025 ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору
М.К. Чыныбаев

Буйрук «1/303» 30.12.25 ж.

**И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун САНАРИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**ЖОБОСУ**

**БИШКЕК, 2025**

## ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА верс. №** | **Өзгөртүү киргизилген же кошумчаланган бөлүм/пункт же абзацтын номери (бетин көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин прот. № жана датасы** |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №4 24.12.2025-ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо техникалык адистерди даярдоонун алкагында Санариптик компетенциялар академиясынын (мындан ары - Академия) укуктук макамын, максаттарын, милдеттерин, функцияларын, түзүмүн, ошондой эле ишмердүүлүгүн уюштуруу тартибин аныктайт.

1.2. Академия И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Маалыматтык технологиялар институтунун түзүмдүк бөлүмү болуп саналат жана юридикалык жак түзбөстөн өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

1.3. Өз ишмердүүлүгүндө Академия Университеттин Уставын, жергиликтүү ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

## 2. Академиянын максаттары, ишмердүүлүгүнүн предмети жана милдеттери

**2.1.** Академиянын ишмердүүлүгүнүн негизги максаты тармактык технологиялар, маалыматтык коопсуздук жана санариптик инфраструктура тармактарында жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо үчүн заманбап билим берүүчү жана практикалык чөйрөнү калыптандыруу болуп саналат. Академия алдыңкы дүйнөгө белгилүү (Cisco, MikroTik, VMware ж.б.) эл аралык стандарттарына ылайык адистерди окутууну, практикалык программаларды жана иш-чараларды уюштурууга, аларды сертификациялык экзамендерге даярдоого, ошондой эле инженердик билим берүүдө академиялык жана технологиялык секторлорунун санариптештирүү деңгээлин жана кибертуруктуулугун жогорулатуу үчүн зарыл болгон кесиптик компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган.

**2.2.** Академия ишмердүүлүгүнүн предмети тармактык технологиялар, системалык инженерия жана маалыматтык коопсуздук чөйрөлөрүндө окутууну уюштуруу жана өткөрүү, квалификацияны жогорулатуу, ошондой эле адистерди эл аралык тастыктоого даярдоо болуп саналат. Академия заманбап санариптик жана интеллектуалдык технологияларды колдонуу менен практикалык иш-чараларды, лабораториялык иштерди, тренингдерди жана изилдөөлөрдү жүргүзөт, ошондой эле техникалык адистердин даярдоо деңгээлин жогорулатууга багытталган иш-чараларга мониторинг жүргүзүүнү, талдоону жана координациялоону камсыз кылат. Академиянын ишмердүүлүгүнө санариптик компетенцияларды өнүктүрүү жана маалыматтык системаларды комплекстүү коргоону камсыз кылуу максатында улуттук жана эл аралык уюмдар, кесиптик жана сертификациялык борборлор менен өз ара кызматашат.

## 3. Академиянын түзүмү жана ишмердүүлүгүн уюштуруу

3.1. Академия КМТУнун Маалыматтык технологиялар институтунун (мындан ары – МТИ) түзүмдүк бөлүмү болуп саналат жана Университетте белгиленген тартипке ылайык административдик жана илимий ишмердүүлүгүндө МТИнин директоруна, ошондой эле Университеттин санариптик өнүктүрүү жана мамлекеттик тил боюнча проректоруна баш ийет.

3.2. Академия ишмердүүлүгүнө түздөн-түз жетекчиликти Академиянын жетекчиси жүзөгө ашырат.

3.3. Академиянын жетекчиси Академиянын ишин уюштурат, жүктөлгөн милдеттердин өз убагында жана сапаттуу аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартат жана ишмердүүлүктүн жыйынтыктары боюнча МТИнин директоруна маалымат берет.

3.5. Академиянын ишмердүүлүгү Университетте белгиленген тартипке ылайык бекитилген жылдык жана перспективалык иш пландардын негизинде жүзөгө ашырылат.

## 4. Академиянын укуктары жана милдеттери

4.1. Академия төмөнкү укуктарга ээ:

4.1.1. Өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана материалдарды Университеттин башка түзүмдүк бөлүмдөрүнөн белгиленген тартипте сурап алууга жана алууга.

4.1.2. Университеттин мүлкүн, маалыматтык ресурстарын жана материалдык-техникалы базасын белгиленген тартипте пайдаланууга.
4.1.3. Академиянын компетенциясына кирген маселелер боюнча тышкы уюмдар ишканалар жана илимий мекемелер менен Университеттин атынан иш алып барууга ишеним каттын негизинде же ченемдик-укутук актылар менен берилген ыйгары укуктардын алкагында өз ара аракеттенүүгө.
4.1.4. Колдонуудагы мыйзамдарда жана Университеттин ички ченемдик-укукту актыларында каралган башка укуктарды жүзөгө ашырууга.
4.2. Академия төмөнкүлөргө милдеттүү:
4.2.1. Өз ишмердүүлүгүн колдонуудагы мыйзамдарга, Университеттин Уставына жа ушул Жобого так ылайык жүзөгө ашырууга.
4.2.2. Өзүнө жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын өз убагында жана жогор сапатта аткарылышын камсыз кылууга.
4.2.3. Университетте белгиленген тартипке ылайык өз ишмердүүлүгү боюнча эс жүргүзүүгө жана отчеттуулук берүүгө.
4.2.4. Өзүнө берилген мүлктүн сакталышын жана максаттуу пайдаланылышын камс кылууга.

## 5. Кайра уюштуруу жана жоюу

**5.1.** Академияны кайра уюштуруу (биригүү, кошулуу, бөлүнүү, бөлүп чыгар кайра түзүү) жана жоюу Университеттин ректорунун буйругунун негизинде, Кырг Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин Уставына ылайык белгилен тартипте жүзөгө ашырылат.

**5.2.** Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү белгилен тартипке ылайык Жобонун жаңы редакциясын бекитүү жолу менен жүргүзүлөт.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:
УИБ башчысы Исраилов А.Ж.